**УДК: 81.44 (575.2) (04)**

***Думанаева К.Т.***
*К.Карасаев атындагы БГУ*
*duma.kunduz@mail.ru*

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СССР УЧУРУНДАГЫ ИЗИЛДЕНИШИ

***Аннотация**: Бул макалада кыргыз тили жөнүндө кыскача маалымат берилип, анын илимий жактан Совет учурундагы изилдениши баяндалат. Макала жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттерине, кыргыз тилин изилдөөчүлөргө, аспиранттарга жана орто мектептердин мугалимдерине арналат.*

***Түйүндүү сөздөр:** түркология, Совет бийлиги, этноним, классификация, изилдөө, типология жана графика.*

***Аннотация**: В этой статье изложена краткая информация о кыргызском языке, а также проведенных научных исследованиях во время Советского Союза. Эта статья посвещается студентам филологических факультетов в ВУЗах, исследователям кыргызского языка, аспирантам и учителям средней школы.*

***Ключевые слова**: туркология, Советская власть, этноним, классификация, исследование, типология и графика.*

*The article covers the short information about Kyrgyz language and its research during the time of Soviet Union. This article is devoted to the students of linguistic faculties at Universities, researchers of Kyrgyz language and teachers of high schools.*

***Key words**: Turkology, Soviet governing, classification, ethnonym, researching, typology, and graphics.*

Кыргыз тили Совет бийлиги жылдарынын ичинде жалпы билим берүүчү мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларында окуу предметине, илимий изилдөөнүн обьектисине айланган.

Кыргыз тили илими- советтик түркологиянын тутумдаш бөлүгү катары Совет бийлигинин жылдарында калыптанган. Ошону менен бирге анын тарыхый жолуда каралат.

Кыргыздар - антропологиялык жактан монголоид расасынын түштүк Сибир тобуна кирген элдердин бири. Кыргыздар Кыргызстандан тышкары Өзбекстанда, Кытайда, Монголияда, Афганистанда жана Пакистанда да бар.

Кыргыздар Орто Азияда жашап келген байыркы элдердин бири.XIX кылымдын 60-жылдары өз ыктыяры менен Россиянын составына кошулган.

Кыргыз тили-Совет бийлигинин жылдарында социалисттик улутка айланган кыргыз элинин тили болгон. « Кыргыз» деген этноним биздин замандын мурунку II кылымында эле, ал эми кыргыз эли жөнүндөгү маалыматтар V-VII кылымдарда эле учураган. Мындай маалыматтардан Байыркылыры катары Енисей Орхон жазма эстеликтерин XI кылымда өткөн Махмуд Кашгаринин сөздүгүн көрсөтүүгө болот.XXкылымдын 50-жылдарына чейинки түрк тилдери боюнча түзүлгөн классификацияларда кыргыз тили түрк тилинин ар түрдүү тобуна кошулуп келген.

Абель Ремюз өзүнүн классификациясында кыргыз тили кыргыз тобу деп аталган топго кирет. Буга казак тили да кошулган. Академик В.В. Радлов тарабынан түзүлгөн классификациясында кыргыз тили казак, каракалпак, татар, башкырт тилдери менен бирдикте түрк тилинин чыгыш тобуна кошкон. Проф. Б.А. Богородский түрк тилинин классификациясын түрк тилдеринин территориялык шартына ылыйыктап түзүп, кыргыз тилин Орто Азиядагы өзбек, казак, каракалпак, уйгур тилинин тобуна кошуп караган. Проф. Малов түрк тилдеринин тарыхый жагына карата эң байыркы, байыркы жаны, эң жаны түрк тилдери деп бөлүштүрүп кыргыз тилин башкырт, казак, каракалпак, кумук,ногой, алтай, татар тилдери менен бирдикте эң жаны түрк тилдеринин тобуна кошкон. Проф. Н.А. Баскаков кыргыз тилин байыркы тилдерден деп атап, түрк тилдеринин чыгыш Хунн бутагынын кыргыз-кыпчак тобуна кийирет. Окумуштуу И.Н.Березин кыргыз тилин түрк тилдеринин түштүк тобуна кийирсе, Ф.Е.Корш – түндүк тобуна, А.А.Самойлович түндүк – батыш же кыпчак тобуна кошкон.

Проф. Б.М. Юнусалиев кыргыз тилинин өнүгүш тарыхын төмөнгүдөй үч этапка (мезгилге) болгон: байыркы (VIII-IX кылымдарга чейин), ортоңку (X-XV кылымдыр), жаны (XV кылымдан тартып). Жаңы этап өз ара үч мезгилге бөлүнгөн: 1) XV кылымдан XVIII кылымдын орто ченине чейинки мезгил; 2) XVIII кылымдын экинчи жарымынан Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейинки мезгил; 3) Советтик мезгил.

Кыргыз тилинин ар тараптан изилдниши советтик мезгилге гана таандык. Айрыкча 50-60 жылдардын аралыгында кыргыз тил илими тереңирээк изилденген. Алсак, кыргыз тилин изилдөө боюнча атайын илим изилдөө мекемелери иштей баштаган. 1925-жылдан тартып кыргыз тилин изилдөө ишине кыргыз Автономиялуу Республикасынын Эл агартуу комиссариатына караштуу илим комиссиянын кызматкерлери киришсе, 1925-жылдан тартып Край Таануу илим изилдөө институту ачылып, кыргыз тилин түрдүү жактан терең изилдөө жүргүзүлгөн. Край таануу институту кийинчиреек тил жана жазма институтуна, 1942- жылдан тар-

тып, СССР илимдер академиясынын кыргыз филиалынын тил, адабият жана тарых институтуна, 1954-жылдын Кыргыз ССР илимдер академиясынын Тил жана адабият институтуна айланган.

1932- жылы пединститут, 1951-жылы университет ачылды. Ошол учурдан баштап кыргыз тилин изилдөө мекемелери гана эмес, жогорку окуу жайларынын тиешелүү кафедралары да активдүү киришкен.

Кыргыз тилдин грамматикалык түзүлүшүн, фонетикалык системасын диалектилерин изилдөөгө арналган монографиялык эмгектер пайда болот; котормо чоң сөздүктөр, орфографиялык чоң сөздүк, түшүндүрмө сөздүк, илимдин түрдүү тармактары боюнча терминологиялык сөздүктөр түзүлөт; орус жана кыргыз тилин, кыргыз жана чет тилдерди салыштырып изилдөө жумуштары жүргүзүлөт: жалпы типологиялык мүнөздөгү жана кыргыз тилинин тарыхына тиешелүү илимий изилдөө жумуштары жүргүзүлө баштайт: кыргыз тилине эксперименттик изилдөөлөр жасалат: кыргыз тилин окутуу методикасы иштелет: педучищилер, жогорку педагогикалык окуу жайлары үчүн программалар, окуу куралдары, окуу китептери түзүлөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн иштер менен бирге кыргыз элинин маданияты да өскөн. Кыргыз тилинин илимий жактан изилдөө иштери пландуу жана системалуу түрдө, партия органдарынын түздөн түз жетекчилиги аркылуу, бай маданий салты бар орус элинин жана СССР деги бир тууган элдердин жардамы аркылуу жүргүзүлгөн.

Москва, Ленинград сыяктуу борбордук шаарларда өлкөнүн маданиятын өнүктүрүүдө өз күчтөрүн аябай жумшаган А. Н. Самойлович, С.Е. Малов, Н. К. Дмитриев, Н,К, Юдахин Е.Д. Поливанов, В.А. Гордлевский, В.М. Насилов, Н.А. Баскаков, И.А. Батмановжана башка түркολог окумуштуулар өз салымдарын кошушкан.

1926- жылы Баку Шаарында бүткүл союздук түркологиялык сьезд өткөрүлгөн, ал сьезд кыргыз тилинин алфавит, орфография, терминология маселелеринин өнүгүшүнө оң таасирин тийгизген.[Сартбаев К.К. Кыргыз тилинин изилдениши. Ф. 1981-11б.]

Октябрь социалисттик революциясына чейин жана анын алгачкы жылдарында араб графикасына негизделген алфавит колдонулуп, кыргыз тилинде жазмалар жаралган. Бирок араб графикасы кыргыз тилинин фонетикалык курулуш өзгөчөлүгүн толук чагылдыра албагандыктан, ал 1927-жылы латын графикасына негизделген алфавитке алмаштырылды. Фонемалык принципке негизделген бул алфавитте кыргыз тилинин өзүнүн төл тыбыштарынан болгон 30 тыбышты белгилеген 24 тамга колдонулган.

Кийинчерээк ө, ү, ң, в, х, ф тыбыштарын белгилеген тамгалар кошулган. Латын графикасына негизделген кыргыз алфавити 1940-жылдын аягына чейин колдонулуп, 1941-жылдан баштап ал кириллицага негизделген орус алфавитине алмаштырылат да,орус тилинин алфавитиндеги айрым бир шарттуу белгилер бар экендигине карабай, андагы 33 тамга толугу менен кабылалынып, ага кыргыз тилинин өзгөчө тыбыштары болгон ө, ү, ң, тыбыштарын белгилеген үч тамга кошулуп, алфавиттеги жалпы тамганын саны 36 га жетет. Ошентип бүгүнкү кыргыз тилинде 36 тамга, 39 тыбыш бар деп Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Президиуму 1941-жылы 12-сентябрда кыргыз тили үчүн жаңы алфавитти жана ага негизделген орфографиялык эрежелерди, ал эми 1953-жылы 30-майда кыргыз орфографиясынын такталган,толукталган вариантын Указ менен бекитилген. Кийинчерээк кыргыз тилинин орфографиялык эрежелеринин жаңы редакциясы 2002-жылы, соңку редакциясы 2012-жылы бекитилген.

***Адабияттар***

1.Сартбаев К.К. Кыргыз тилинин изилдниши. -Ф.: Мектеп, 1981.

2.Рысбаева С.А. Кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн айтылыш максатынын коммуникативдик-функционалдык түрлөрү.-Б., 2008.

3.Тенишев Э.Р. Языки мира:Тюркские языки.-М.,1996. -543 б.

4.Омуралиев А. Эпос «Манас» есть история кыргызов или тюркоязычных народов.-Б., 1995

5. Кыргыз тили-[ электрондук булактар]. http: www. google. com